# ТУРКЕСТАНДАГЫ КОЛОНИАЛДЫК САЯСАТ ЖАНА ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ 1916 – ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШТҮН БАШТАЛЫШЫ

**Доц. АЛЫМБАЕВ Ж.Б.**
**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**

**Аннотация**

Макала Фергана өрөөнүндөгү 1916 ж көтөрүлүштүн башталышына арналып жазылган. Автор көтөрүлүштүн келип чыгуусунун негизги себептери катары, падышачылыктын Туркестан крайындагы, административдик, экономикалык жана көчүрүп келүү саясаты болгондугун белгилейт. Падышачылыктын Туркестан крайындагы административтик башкаруу системасынын негизги принциптери, өзгөчүлүктөрү белгиленет. Макалада Фергана областынын Ош, Наманган, Андижан уездериндеги элдик наразычылыктардын, толкундоолордун башталышын архивдик материалдардын негизинде сүрөттөлөт. Ошол эле, мезгилде макалада көтөрүлүштүн айрым кесепеттери туурасында сөз болот.

Негизги сөздөр: Туркестан крайы, Туркестандагы колониалдык саясат, Убактылуу жобо, Администртивтик башкаруу системасы, Фергана областы, 1916 көтөрүлүш, Андижан, Ош Наманган уездери, көчүрүп келүү саясаты, Элдик толкундоолор, Наразычылыктар, Каратып алуу, Башкаруу, Уездик башкаруу, Болуштук башкаруу, Аскер-губернатору.

## COLONIAL POLICY IN TURKESTAN AND THE BEGINNING OF THE 1916 INSURGENCE IN FERGANA VALLEY

**Abstract**

This article is devoted to the scrutinizing of the basic reasons of 1916's insurgens in the south Kyrgyzstan. The author emphasizing several main reasons which lead to the popular uprising such us: severity of local administration towards indigenous population of Turkestan; anti-national migration policy aimed at assimilation of minorities. There is also briefly reviewed of some pecularities local administrative system in Turkestan. Manifestation of resentment of Osh, Namangan and Andijan uyezd's population investigated on the archive based materials. In the conclusion is given some consequences of the popular uprising and their importance in the destiny of Kyrgyz people.

Key Words: Turkestan region, Colonial policy in Turkestan, Provisional rule, Migration policy of local administrative system, Fergana oblast (region), Popular uprising in 1916, Andijan, Osh, Namangan uyezd (administartive units), dissatisfaction, Military Governor.

Акыркы мезгилдерде кыргыз коомчулугу баштан кечирип жаткан саясий окуялар, жалпы улуттун, мамлекеттин биримдигин чыңдоо менен катар өткөн тарыхты терең изилдеп андан сабак алуу маселесин талап кылууда. Колониалдык саясаттын кесепеттеринен улам жаралып XX к башындагы улуттук трагедияга айланган окуялардын бири - бул 1916 көтөүлүш. Кыргыз тарыхнаамасында бул темага арналып чакан макаладан тарта көлөмдүү илимий эмгектер жаралды. Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн доорунда эле 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүштүн 75-ж. (1991), 80-ж. (1995), 90-ж. (2006) жылдыгына карата мамлекеттик деңгеелде, коомдук уюмдар, саясий партиялар тарабынан бир топ иш чаралар (илимий конференциялар, саясий акциялар, атайын элдик жүрүштөр) өткөрүлдү. Бул өткөрүлгөн иш-чаралардын өзү эле 1916-ж. көтөрүлүштүн айрым көмүскө жактарын изилдөө тактоо керек экендигин айгинелеп турат.

Бул чакан макалабызда революцияга чейинки жарыяланган тарыхый булактарга, архивдик документтерге таянып колониалдык саясаттын натыйжаларынан улам, Фергана областына караштуу Андижан, Ош, Наманган уездериндеги 1916 көтөрүлүштүн башталышын чагылдырууну максат кылабыз.

1916-ж көтөрүлүштүн келип чыгышынын негизги себебептери Россия империясынын Туркестан крайына карата жасаган басып алуучулук саясаты менен түздөн-түз байланыштуу. XIX к аягы XX башындагы Россия империясынын Орто Азияга карата жасаган тышкы саясатын 3 этапка бөлүп кароого болот: 1) XIX к- 50-60 жж экономикалык жана стратагиялык чалгындоо мезгили. 2) XIX к. - 60-80-жж. Орто Азиянын территориясын каратып алуу, хандык бийликтин механизмдерин жоюу жана колониалдык бийликтин системасынын калыптанышы мезгили. 3) XIX к. 80-90 жж. колониалдык башкаруу системасынын масштабдуу кенейиши жана башкаруу чөйрөсүндөгү “руссификатордук” тенденциянын күчөшү.

Орто Азияга анын ичинде Кыргызстанга болгон кызыгуу Петр I тушунда эле башталып, бир топ чалгындоо иштери жүргүзүлө баштаган. Алсак, Петр I тарабынан 1714 жылы княз А.Б. Черкасскийдин жетекчилиги астында алгач Орто Азияга атайын экспедиция уюштурулган. Петр I доорундагы уюштурулган экспедициялар тынчтык мүнөздө болгон. Ал эми, XIX к 50-60-жж. болсо, орус-крым согушунан кийин Россия империясынын Орто Азияга карата болгон тышкы саясаты кескин күч алып, саясий жана экономикалык себептерден улам, аталган аймакты ар тараптан «илимий изилдөө» «чалгындоо» иштери башталат. XIX к. экинчи жарымынан тарта, Кыргызстандын аймагына 1845-ж. уюшулган Орус географиялык коому тарабынан ири экспедициялар уюштурулган. Алардын катарына П.П. Семеновдун, Н.А. Северцовдун, Ч.Валихановдун, М.Венюковдун, полковник Хоментовскийдин, А.Голубевдин, В.Нифантьевдин ж.б. чалгындоо иштерин атоого болот.

Жаратылыш кен байлыктарына бай, географиялык жактан ыңгайлуу жерде жайгашкан Туркестан крайы Россия империясы үчүн сырөнун жаңы булагы жана кирешеси гана болбостон, келечектеги экспанциялык пландарын ишке ашыруу үчүн плацдарм катары каралган. Алсак, 1847-ж. Сырдарьянын куйган жээги генерал Обручев тарабынан басып алынып, ал жерге Раим чеби курулган, 1854-ж. болсо, Акмечет каратылып Батыш Сибирң тараптан Копаль жана Верный чептери негизделген

Ал эми, XIX к. 60-жж. баштап биринчи согуштук басып алуучулук аракеттер Кокон хандыгынын территориясында жүргүзүлө баштаган. 1860-ж. Жетисуу аймагындагы орус отряттарынын согуштук аракеттеринин натыйжасында 1862-ж. Токмок, Пишпек, чептери каратылып алынган. 1863-ж. 20 декабрында падышанын Оренбург жана Сибирь линияларын бириктирүү боюнча указы жарыяланган. Натыйжада, ушул мезгилден баштап, Россия империиясынын Орто Азияга карата кеңири аскердик-экспанциясы башталат. 1864-ж. падыша аскерлери тарабынан Сузак, Чолоккоргон, Аулиеата, Туркестан жана Чимкент шаарлары каратылып алынган. 1865-ж. 17 июнда экинчи жолку чабуулдан кийин Ташкент шаары каратылып алынган.

Каратып алынган аймактарды башкаруу үчүн, падыша өкмөтү өзүнүн жаңы административдик башкаруу системасын түзө баштаган. 1865-ж. жаңы территориялардын эсебинен Оренбург генерал-губернаторствосунун курамындагы Туркестан области түзүлүп, жана ушул эле жылдын 6 августунда «Туркестанды башкаруунун убактылуу жобосу» кабыл алынган. «Убактылуу жобо» боюнча аскердик жана административдик бийлик бир адамдын колунда топтолуп, биринчи аскер губернатору болуп М.Г.Черняев дайындалган. Областын ички территориялык түзүлүшү империялык административтик традициянын духунда уюштурулуп, аскердик башкармачылыгынын жана падыша казынасынын накта кызыкчылыгын эске алган. Падышачылык эң оболу арзан жана эффективтүү колониалдык башкарууну түзүүнү ойлогон. Бул «Убактылуу жобо» боюнча жергилүктүү бийликтин башчысы болуп, аскер губернатору эсептелип, анын колунда аскердик жана граждандык бийлик топтолгон эле. Жер-жерлердеги администрацияны отделдин начальниктери жана аскер коменданттары башкарган. Аларга орус чиновниктеринен дайындалган жергилүктүү башкаруучулар баш ийишип, жалпы полициялык көзөмөл жүргүзүшкөн. Иш жүзүндө «Убактылуу жобо» орус аскерленине кам көрүү, аларды жабдуу жана калктан налог чогултууга багытталган оккупуциялык режимди түзүүгө багытталган. Демек, Туркестандын калкы башынан баштап эле кош эзүүнүн алдында калган. 1865-ж. падыша АлександрII тарабынан бекитилген «Убактылуу жобо» иш жүзүндө өзүнүн эффективтүү эмес экендигин көргөзө баштаган. «Убактылуу жободо» каралган негизги принциптер падышачылык ойлогон ыңгайлуу салык системаны түзүүгө да мүмкүндүк бербегенине карабастан, падышачылыктын режиминне каршы чыккан уруу башчыларынын, ири бай- мапаптардын, дин өкүлдөрүнүн көчмөн калктын арасындагы саясий таасирин жок кылууну да камсыз кыла алган эмес.Ошондуктан М.Г.Черняевдин ордуна келген Д.И.Романовскийдин Туркестанды колония катары карабастан, аны империянын бир бөлүгү катары эсептеп, акырындап Россиядагы буржуазиялык реформалардын натыйжасында түзүлгөн мамлекеттик башкаруу мекемесин түзүүнү сунуш кылгат (Романовский, 1969: 66 ). Натыйжада, Д.А. Милютиндин демилгеси менен Туркестандагы абалды иликтөө үчүн атайын комиссия жөнөтүлгөн. Комиисия Туркестан областына өз алдынча башкарууну киргизүүнү сунуш кылган. 1867-ж. июлда падышынын буйругу менен Сырдарья (борбору Ташкент) жана Жетисуу (борбору Верный) областарынан турган Туркестан генерал-губернаторлугу түзүлгөн. Бул жаңы кабыл алынган «Жобонун» негизинде генерал-губернаторлук областарга, уездерге, болуштуктарга, айыл старшиналарына бөлүнгөн. Колониалдык башкаруу системасын түзүүдө

падыша өкмөтү төмөнкү принциптерге таянган: аскердик жана административдик бийликтин бөлүнбөстүгү жана аны бир адамдын колуна топтоо; жергилүктүү элдин ички башкаруусуна кийлигишпөө, алардын үрп-адаттарын сактоо; жогорку башкаруу бийлик органдарын мумкун болушунча империяга жакын аймактарга жайгаштыруу; жергилүктүү элдин закону катары каралган шариаты менен адатын күчүндө калтыруу; жергилүктүү элдин өзүн-өзү башкарууга руксат берүү; акырындап бийлик органдарын өнүктүрүү жана жергилүктүү башкарууга талапты татаалдантуу; бара-бара толук түрдө, жергилүктүү шартка карап сот бийлигин админстративдик бийликтен бөлүү.

Бирок, Туркестанды администрациялык-территориялык жактан бөлүштүрүүдө, региондун тарыхын, экономикалык, географиялык жана улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алган эмес. Жаңы түзүлгөн административдик-териитcorrespondingиялык бирдик каратып алынган территориялардын эсебинен кеңейип олтурган. Маселен, падышанын буйругу менен 1876-ж. 19-февралда Кокон хандыгы жоюлуп Фергана областы түзүлгөн.

1867-1917-жж. аралыгында административтик башкаруу системасы боюнча бир топ нормативтүү актыларлар жана жоболор кабыл алынган. Бул жоболордун негизинде аскердик, граждандык жана сот бийлиги борборлоштурулуп, башкаруу системасынын бардык чөйрөлөрү контролго алынган. Аткаруу бийлигинин жергилүктүү өкүлдүрү падышачылык саясатты түздөн-түз колдогон, лоялдуу адамдарды башкаруу чөйрөсүнө дайындашкан. Жергилүктүү эл үчүн «шайлоо», «өзүн-өзү башкаруу» түшүнүктөрү көпчүлүк мезгилде формалдуу болгон. Анткени, «Жобо» бонча болуштуктар, айыл старшиналары уездик начальниктерге түздөн-түз баш ийишкен жана аларга отчет берип турушкан. Ошондой эле, «Жобо» боюнча областын, уездин башчылыгына атайын орус элинин өкүлдүрү дайындалса, болуштук башкаруучулар, айыл старшиналарына шайлоо киргизилген. Бирок иш жүзүндө, шайлоо компаниясы көпчүлүк мезгилде түздөн-түз администрациянын кийлигишүүсү менен өткөрүлөн. Натыйжада жергилүктүү админстрация башчылыгына падыша өкмөтүнө жакан кандидатураны өткөрүүгө аракет жасашкан. Уездик начальниктер көпчүлүк мезгилде, шайлоонун жыйынтыгын жоюга, шайлоосуз эле өзүнө караштуу адамдарды дайындап коюга укуктуу болушкан. Туркестан крайын ревизиялаган падышанын жашыруун кеңешчиси Ф.Гирс өзүнүн отчетунда «уч жылдын ичинде 98 болуштук башкаруучудан уездик начальниктин буйругу менен өзүнүн милдетин толук аткарбагандыгы жана законго каршы аракети үчүн 45 болуштук башкаруучу кызматтан четтетилген-деп белгилеген (Отчет ревизующего, 1883:66).

Натыйжада, Туркестан крайындагы алгачкы түзүлгөн «Жоболордун» негизинде жергилүктүү эл иш жүзүндө башкаруу органдарына тартылбастан четтеп калган. Мунун натыйжасында көпчүлүк болуштуктарда элдин жаңы киргизилген башкаруу системасына карата болгон нааразычылыктар башталган.

Россия империясынын колониалык саясатынын дагы бир негизги принциптеринин бири орусташтыруу болуп, ага кеңири стратегиялык маани берилген. Туркестан крайынын социалдык-экономикалык жана улуттук жактан бара-бара империяга бириктирүү, ал турсун руханий жана дин жагында да жергилүктүү калктын орус болуп кетүү максатын көздөгөн. Орусташтыруу

саясатынын ишке ашыруунун бирден бир каражаты бул көчүрүп келүү саясаты болгон. XIX к. 60-жылдарында түндүк Кыргызстан Россия империясынын курамына кошулгандан кийин көчүрүп келүү саясаты кеңири тармакта жүргүзүлө баштаган. Ал эми 1868-1882-жж. Пишпек, Лепинск, Пржевалск, Верный уездеринде 15000 жакын адамдан турган 29 орус поселкалары пайда болгон (Отчет ревизующего, 1883: 339).

1876-ж. түзүлгөн Фергана областы болсо, XX к. башында административтик жактан Маргелаң, Ош, Наманган, Андижан, Коконд уездерине бөлүнүп, ал уездер бир нече болуштуктардан турган. Башка региондорго салыштырмалуу Фергана өрөөнү калктын жыш жайгашышы, дыйканчылык маданияттын интенсивтүү өнүгүшү жердин тартыштыгы менен айырмаланган. 1913-жылдагы статистикалык маалыматка таянсак Фергана өрөөнүндө калктын 63% өзбектер, 18,7% кыргыздар, 6% таджиктер, 3% каракалпактар, 2,3% орустар түзүшкөн (Статистический обзор, 1915:8). Тактап айтканда, областа 2127460 жергилүктүү калк жана 50769 орус улутунун өкүлдөрү жашап турушкан.

Орус падышачылыгынын Фергана өрөөнүнө карата жүргүзгөн көчүрүп келүү саясаты XX к 90 жылдарыны туура келген. Туркестан крайындагы жер жана мүлктү башкаруу башкармачылыгы тарабынан түзүлгөн «Фергана областынын Көгарт өрөөнүндөгү орус келгиндерин жайгаштыруу маселеси боюнча» - деген запискага таянсак: «1900ж башында бул жерде крайды колонизация» кылуу максатында орус кыштактары үчүн көчмөн элдин жерлери тартылып алына баштаган» (ЦГА.РУ, Ф.И-12, д.382,л.115-117). Алсак, 1868-ж. Жетисуу областына Воронеж губерниясынан биринчилерден болуп 242 үй-бүлө дыйкандар көчүп келишип, Верный шаарында дыйканчылык, багбанчылык менен кесиптенише баштаган (Россия,полное географическое описание, 1913:322). Айрым архивдик документтер тастыктап тургандай, көчүп келген орус кулактары тарабынан жергилүктүү элдин сугат жерлерин өз алдынча тартып алуу жагдайлары кездешкен. Маселен, мындай көрүнүштөр Көгарт өрөөнүндө болгон. Жайында малы менен жайлоого кетип, бош калган кыргыздын жерлерине орус келгиндери алардын жерлерин ээлешип үй курууга киришишкен. Ага да карабастан айрым жерлерде болсо, кыргыздардын кышкы кыштоолорунда турак-жайлардын турганына карабастан аларды талкалашып, жыгач материалдарын өздөрүнүн курулушу үчүн тоноп алышып, жарабаган материалдарын болсо, тамак-аш даярдоого пайдаланышып жиберишкен»-деп эскерилет. (ЦГА.РУ.Ф.И-1. оп.12.д.382.123). Падышачылыктын жергилүктүү администрация өкүлдөрү мындай көрүнүштөргө эч кандай чара колдонгон эмес. Кыргыздардын жерлерин тартып алуунун дагы бир формасы бул атайын суйлөшүү үчүн (ходок) дыйкандарды жиберип, арендага жер алуу болгон. Ал жерлерге келгиндер турак-жайларын курушуп, анан ал жерлерди биротоло өздөрүнө өткөрүп алуу сураныччы менен бийлике кайрылышкан (Шкапский, 1906:40). Алсак,1900-жылы Ош уездинин Куршаб болуштугунда 1150 адамдан турган 186 чарбалуу Покровское, Наманган уездинин багыш болуштугунда 277 адамдан турган 70 чарбалуу Успенский (азыркы Аксы районуна караштуу Успеновка кыштагы), Андижан уездинин Базар-Коргон болуштугунда 277 адамдан турган 50 чарбалуу Николаевское, ушул эле уездин Жалал-Абад болуштугунда 281 адамдан турган 76 чарбалуу Благовещенское, Маргелаң уездинин Мархамат

болуштугунда 812 адамдан турган 201 чарбалуу Русское селосу түзүлгөн (Обзор Ферганской области,1903: 20). Тактап айтканда, 1913-ж. Андижан уездинде 5391 жашоочудан турган 29 орус кыштактары түзүлсө, Ош уездинде болсо ушул эле жылы 4983 адамдан турган 10 орус кыштактары пайда болгон. Аларга 10153 теше жер берилип, ошол эле мезгилде 1236 теше жерди арендага алышкан (Статистический обзор Ферганской области, 1913: 80). Натыйжада, орус падышачылыгын отор саясатынын кесепеттеринен улам Туркестан крайында жер маселесинин курчушуна шарт түзүлө баштаган.

Орус келгиндеринин көчүп келишинин күчөшү менен жергилүктүү элден түшүмгө жарамдуу түздүктө жайгашкан суулу жерлерди «ашыкча» деген шылтоо менен тартып алуу күн санап күчөп олтурган. Жергиликтүү элдин жерлерин тартып алуу 1906 жана 1910-жж. столыпиндик агрардык реформадан кийин, өзгөчө «Туркестан жобосунун» 270 статьясына кошумча киргизилгенден баштап күчөй баштаган. Ушул законго ылайык орус падышачылыгы көчмөн элдердин жерин изилдөөгө киришкен. Натыйжада, 1907-ж. баштап «ашыкча жер» деген шылтоо менен көчмөн элдердин жерлери тартылып алына баштаган. Мындай көрүнүштөр күн санап элдин наразычылыктарын жарата баштаган.

Туркестан крайына көчүрүп келүү саясатынын натыйжасында келгин орус дыйкандарынын күчтүү армиясы пайда болуп, жергилүктүү тургундар үчүн жер оор маселелердин бирине айлана баштаган. Туркестан крайын ревизиялаган К.Пален өрөөндөгү жердин тартыштыгын төмөнкүдөй цифралар менен далилдеген, адам башына суулу жерлер Андижан уездинде - 0,6 теше, Наманган уездинде - 0,5 теше, Кокон уездинде - 0,5 теше жерди түзгөн (Пален, 1910:80)-деп белгилеген. Ал эми 1913ж Фергана өрөөнүнө орус келгиндеринин жалпы саны 20000 адамды түзгөн. Найтыйжада, Россия империясынын Туркестан крайындагы жүргүзө баштаган административдик, экономикалык саясаттарынын кесепеттеринен улам, жергилүктүү элдин орус бийлигине карата болгон наразычылыктары күндөн күнгө күч алып олтурган.

Демек, Россия империясынын Туркестан крайындагы колониалдык саясатынын күчөшүнөн улам, 1898-ж. жаңы эле Андижан окуясын баштан кечирген Фергана өрөөнүнүн калкы кайрадан толкуй баштаган.

XXк башындагы Туркестан крайындагы абалды андан ары терендетип курчуткан окуя, биринчи дуйнөлүк согуштун башталышы болду. 1914-ж. башталган дүйнөлүк биринчи согушка Россиянын катышуусу, Туркестандын калкы үчүн оор запкы болгон. Согушка деп колундагы тапкан мүлкүн берүүгө мажбур болушкан. Жергилүктүү калктан: кыргыз үй, аркан, ээр, шапка, колкап, ж.б. толгон буюмдар тартылып алына баштаган. Бул «ыктыярдуу жыйноо» зордук менен жасалган деп белгиленет архивдик документтердин биринде (ЦГА.РУ.Ф.И-19.оп.19.д.21125.л.5). Г.И.Бройдонун билдирүүсү бонча 1914-жылдын ноябрь, декабрь, айларында Пишпек уезди боюнча, Кызыл крестин официалдуу отчетуна ылайык кыргыздардан 30000 руб, 100 тулуп, 10.000 пар байпак, бирканча миң боз үйлөр бекер жөнөтүлгөн (Бройдо, 1929: 424-425). Бирок «ыктыярдуу жыйноодон» түшкөн мүлктөрдүн айрым бөлүктөрү жергилүктүү администрациянын колунда калган.

Падышанын 1916-ж. 25 июнундагы Туркестан элдеринин аскердик курактагы (19 дан 43 чейинки) эркектерин согуштук коргонуу жумуштарына алуу жөнүндөгү указы, Фергана областынын калкына, июлдун башында жарыяланган. Колониалдык эзүүгө ансыз деле нааразы болуп турган Фергана өрөөнүнүн калкы бул указды кыжырдануу менен кабыл алган. Указга ылайык областан 51233 киши жөнөтүлүүгө милдеттүү болгон. Аскер-губернаторунун көрсөтмөсү менен согушка жарамдуу эркектердин тизмеси болуштук башкаруучулар, элүү башчылар, айыл старшиналары тарабынан түзүлө баштаган. Көптөгөн тарыхый булактар тактап тургандай тизмелерди түзүүдө пара алуу, бай-манаптардын балдарын жашыруу, жаш курактарын улгайтып же болбосо жашартып көрсөтүү фактылары кеңири кулач жая баштаган. Мындай көрүнүштөрдүн орун алышы заматта эле элдин арасында катуу кыжырданууну жаратып, жер-жерлерде элдик толкундоолордун чыгышына түрткү болгон. Июль, август айларында областын бардык уездеринде уламдан-улам элдик толкундоолор жаралып олтурган. Алгачкы толкундоолор Андижан уездинде башталган. 9-июль күнү уездин начальниги полковник Бржезицкий Базаркоргон болуштугундагы окуяга байланыштуу областын аскер-губернаторуна төмөнкүдөй маанидеги телеграмма жөнөтөт: «бүгүн (9-июль) Жами мечитинде чогулган элге указ туурасында кабарладым, көпчүлүк эл тынч угушту, бирок медреседе окуган жаштар согушка барбайбыз! – деп кыйкырышып элди дүрбөлөңгө салды. Андан соң, 500 жакын чогулган эл Скобелев проспектисине карай жөнөштү. Чогулган калың топ согушка биз бардык тапкандарыбызды берүүгө дарябыз, бирок балдарыбызды жөнөтпөйбүз- деп, талап кылышты (ЦГА.РУ.Ф.И-276.оп.1.д.904. л.3). Полковник Бржезицкий ушул эле телеграмасында полиция менен элдин ортосунда кагылышуу болгонун, натыйжада он чакты жергилүктүү адамдардан жараат алганын белгилейт. Базаркоргондо болуп өткөн окуядан кийин элдик нааразычылыктар башка уездерде да жайыла баштаган Ошондуктан, Фергана областынын аскер-губернатору 11-июль күнү Ош, Андижан, Маргелаң, Наманган уездинин начальниктерине шашылыш түрдө телеграмма жиберүүгө мажбур болот. Ал өз телеграмасында калкты тизмелөө орозо мезгилине туш келгендигине байланыштуу, тизмелерди түзүүнү убактылуу токтотуп турууну, ошону менен катар темир жол телеграф, көпүрөлөрдү кайтарууга алууну буйрук кылган.

Ага карабастан элдик толкундоолор күндөн-күнгө күч алып олтурган. Колдогу архивдик документтерге таянсак, кырдаалды алдын ала алуу максатында уездин начальниги Фергана областынын аскер-губернаторуна 22 июль күнү жашыруун рапорт жөнөткөн. Ал өз рапортунда, абалды мындайча сүрөттөйт: «элде тынчтык маанай өкүм сүрүп турат, бирок бул убактылуу. Элдин арасындагы кадырлуу адамдардын баркы кете баштады, алар эл менен сүйлөшүүдөн коркуп жатышат» (ЦГА.Ф.И-276, оп.1.д.904.л.42). Өзүнүн ошол эле рапортунда уездин начальниги падышанын буйругун аткарууну мажбурлоо үчүн аскер-губернатордон тез аранын ичинде төмөнкүдөй чараларды колдонууну суранган: шашылыш түрдө эшендердин баарын Туркестан крайынан чыгаруу; аскердик абал өкүм сүрүп турган мезгилде элдик соттордун ишмердигин токтотуу; бардык медреселерди жана туземдик мектептерди жабуу; баш аламандыктарды уюштуруп жаткандарды өлүм жазасына тартуу максатында аскердик-талаа сотторун дайындоо; калкка кайсыл шаардан ар бир болуштуктан кайсыл

мөөнөткө канча жумушчуларды жөнөтүүнү жарыялоо; көрсөтүлгөн мөөнөттө болуштуктан адамдар жөнөтүлбөсө, ал пунктарга жазалоочу отряттарды тинтүү үчүн жана козголоңчу топту атуу үчүн жиберүү; согуштук тылга жумушчуларды жөнөтүүдөн баш тарткан адамдардын жерлерин конфискациялоо (ЦГА.Ф.И-276.оп.1.д.904.л.93). Рапортто көрүнүп тургандай көтөрүлүштүн алгачкы айларынан баштап эле падышанын жер-жерлердеги өкүлдөрү, элди жазалоо жолуна өтө башташкан. Ушул эле рапортто полковник Бржезицкий уездге кошумча жөө аскерди жана согуштук техниканы кошо жөнөтүүнү суранган. Ал өзүнүн бул оюн минтип далилдегиси келген: «чыгыштын тарыхы бизге көрсөтуп тургандай караңгы массаны ишендирүүгө караганда күч колдонуу тез таасир этет - деп белгилеген» (ЦГА.Ф.И-276,оп.1.д.904.л.93).

Андижан уездиндеги окуялар менен катар эле элдик наразычылыктар Наманган уездинде башталган. 9 июль күнү бир канча миндей адамдар уездин начальнигинин милдетин аткаруучу капитан Румянцевден үй-бүлөлүк тизмелерди түзүүнү токтотууну, түзүлүп калган тизмелерди колдоруна берүүнү талап кылышып калың эл топтолгон. Чогулган эл эч кандай коркутуп- үркүтүүгө, алдоого моюн сунгулары келишпеген. Арадан көп өтбөй падыша аскерлери менен чогулган элдин ортосунда кагылышуу башталган. Пулеметтун жана мылтыктын оозунан жааган октон 12 адам өлүп, 38 адам жарат алган (ЦГА.Ф.И-276.оп.1.д.902.л.7). Бул окуядан кийин Наманган уездинин башка аймактарына кошумча аскерлер жиберилип, шаар-кыштактар катуу контролдука алына баштаган. Бирок, ага карабастан жумушчулардын тизмесин түзүү улантыла берген.

Июль, август айларында Наманган уездинин Кепин болуштугунда да башаламандыктар башталган. Элдин негизги талаптарынын бири тизмелөөнү токтотуу, түзүлүп калынган тизмелерди жок кылуу болгон.

11-июль күнү Кепин болуштугуна жумушчулардын тизмелерин түзүү үчүн Наманган уездинин айылчарбасынын мал жана жер каттоо бонча инструктору Н.И.Черпованын жетекчилиги астында бир отряд менен 4 каттоочуу: А.Ф.Курбатов - Ташкендеги орус-тузем мектебинин башчысы; П.Г.Золо - орус-тузем мектебинин башчысы; А.П.Петров-мещенин; Н.И. Худяков - гимназиянын 6 класынын окуучусу; К.С.Галлиев - котормочу; Т.Джабаров - Хонабад селосунун тургуну жиберилген (ЦГА.Ф.И.-276.оп.1.л.21) Ал эми Кепин болуштугунун буйругу менен старшиналар, 50 башчылар өздөрүнүн алык-салык жыйноочу жана үй-бүлөлүк тизмелери менен катоочулар менен жолугууга тийиш болгон. Бирок, келген каттоочулардын айланасына 300 чамалуу адам топтолушуп тизмелерди талап кыла башташкан. Чогулган топ болуштардын сөзүн уккусу келбей тескерисинче, болуш башчыларына алардын туугандарына асыла башташкан. Болуштук башкаруучу эл талап кылган тизмелерди берүүгө аргасыз болот. Бирок, ага да карабастан, болуштук башкаруучуну таш бараңга ала башташат. Келген каттоочулар жакын арадагы пахта талаасына качып жашынууга аргасыз болушат. А.Ф. Курбатов, П.Г Золов, Н.И.Худяковдор токмок жешет. Бирок, - деп билдирет Н.И.Чернов: «эки колун көтөрүп эл алдына чыгып, биз буйрукту аткарганы гана келдик, эч жамандыгыбыз жок»- деген П.Г.Золовдун сөзүнө эл кулак салып угушту. Орустарды ургубуз келбейт, алар биздин душманыбыз эмес, мейманыбыз-дешип Наманганга чейин жетип алгыла деп алдыбызга беш ат тартты»- деп сүрөттөлөт архивдик документердин биринде (ЦГА.РУ.Ф.И-276.

оп.1.д.902.л.41). Ушул окуялардан кийин Наманган уездиндеги элдин падышалык бийлике каршы болгон элдик толкундоолор көндөн күнгө күчөй берген. Жумушчулардын тизмелерин талап кылышкан адамдар болуштук башкаруучуларды алардын жакындарына кол салууга өтүшкөн. Маселен, 17-июль күнү Ашт волостунун башчысынын агасы Муса Ташматов, анын таякеси Мирза Аманбаевдер өлтүрүлүп, мал-мүлктөрү тонолуп, 1916- жылга тийешелүү кагаздары, тийиштүү документтер жок кылынган (ЦГА.РУ.Ф.И-276.оп.1.д.902. л.48) Ал эми 4 августа 1916-ж. уездин начальниги Кришков өз рапортунда: « аскерлер менен жергилүктүү элдин кагылуушусунун натыйжасында 2 болуштук башкаруучу, 6 айыл старшинасы, 2 элүү башчы жана 2 айыл катчысы каза болду. Жергилүктүү элден болсо 27 адам өлүп, 70 адам жарадар болушту, кийин алардын 20сы каза табышты»-деп билдирген (ЦГА.Ф.И-725.оп.1.д.367.л.2).

Жогорудагы тарыхый материалдар тастыктап тургандай Фергана областынын Андижан, Наманган жана Ош уездериндеги элдик толкундоолордун башталышы июль айларына туш келген. Колониалдык эзүүнүн запкысын тартып, жергилүктүү администрация башчыларынын жүргүзүп жаткан саясатына наразы болгон жергилүктүү эл, согушка баруудан баш тарта баштаган. Согушка мобилизациялоо жергилүктүү элдин чарбалык, турмуштук, нравалык кызыкчылыгын эске албастан бюрократиялык-формалдуу шашылыш мүнөздө жүргөн. Жергилүктүү бийлик өкүлдөрү бул абалды баюнун жаңы булагы, өзүнүн бийлигин күчөтүүнүн куралы катары колдонуу менен кырдаалды андан ары таатаалданткан. Жумушчулардын тизмелерин түзүүдө кетирилген адилетсиздиктер, баш аламандыктар жөнөкөй элдин кыжырын кайнаткан.

Орус падышачылыгы элдик толкундоолорду заматта эле басып коюнун ойлошуп, шашылыш чараларды көрө баштаган. 1916-ж. 17 июлунда Туркестан крайына «аскердик абал» киргизилген. Жер-жерлерде «өзгөчө соттор» түзүлүп массалык түрдөгү арестер башталган. Көтөрүлүшкө катышкандарга катуу чаралар көрүлө баштаган. Алсак, 1916-жылдын сентябрь айынан 17 декабрына чейин аскердик сотко Наманган уездинин 295 адам, Андижан уездинен-14, Скобелев уездинен 42, Маргелаң уездинен-60 адам сот жообуна тартылган (Абдурахимова, 1999:87). Аскер соттору көтөрүлүшкө чыкандарга карата катуу жаза колдонуу жолуна өтүшкөн. Наманган шаарынын аскердик соту Наманган уездинин Чадак болуштугунан 89 адамдын ишин карап алардын 13 өлүм жазасына (дарга асуу жолу менен) тартуу чечимин чыгарган (ЦГА.Ф.И-725.оп.д.367.л.2). Ал эми Маргелаң уездинен көтөрүлүшкө катышкан 15 адам өлүм жазасына; 5 адамдын ар бири 15 жылдык сүргүнгө айдалган, көтөрүлүшкө катышкан 40 адам болсо, ар кандай мөөнөткө түрмөгө олтургузулган (Абдурахимова, 1999: 87). Бирок орус падышачылыгын жазалоону күчөтүү ыкмалары, элди тынчытып кое алган эмес, тескрисинче толкундоолор күз айларынан тарта башка аймактарда кеңири кулач жайып, жалпы улуттук боштондук көтөрүлүштүн келип чыгышына алып келген.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда келтирилген тарыхый документтер далилдеп тургандай Фергана өрөөнүндөгү 1916-ж. көрүлүштүн келип чыгышынын түпкү себептеринин бири, Туркестан крайындагы административтик, отор, жер жана орусташтыруу саясатынын кесепеттеринен улам жаралган трагедиялуу тарыхый окуянын бири болуп саналат.

## АДАБИЯТТАР

АБДУРАХИМОВА Н., РУСТАМОВА Г. Колониальная система власти в Туркестане во второй половине XIX – I четверти XX в.в Т., 1999.

БРОЙДО Г.И Восстания киргиз в 1916 –М.,1929.

Обзор Ферганской области за 1900 г- Скобелев., 1903.

Отчет ревизующего, по высочайщему повелению, Туркестанский край, тайного советника Гирса-СПб., 1883.

Пален Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенный по высочайщему повелению сенатором, гофмейстером графом К.К. Паленом. Вып.I -XVIII. -СПб., 1910.

РОМАНОВСКИЙ Д.И. Заметки по среднеазтатскому вопросу.-СПб,-1868.

Россия полное географическое описание нашего отечества. Т.19. -СПб, 1913.

Статистический обзор Ферганской области за 1913 год. Скобелев., 1915.

Центральный Государственый Архив Республики Узбекистан. (ЦГА.РУ. Фонд:История) Ф. И-1; 19; 276; 725.

ШКАПСКИЙ О.А. Переселенцы и самовольцы и аргарный вопрос Семиреченской области. -СПБ., 1906.